Автор: abaevna
11.03.2020 09:13 -

Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги “Бир ырдын сынагы” конкурсун жарыялайт. Быйыл 1-ноябрда КРнын ички иштер органдарынын уюшулгандыгына 96 жыл толот. Мындан улам, Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзу менен биргеликте милициянын жагымдуу образын ачып, анын тарткан тvйшvгvн, жасап жаткан эмгегин, коомдогу ордун корком чагылдыра алган чыгарма жараткандарга сынак жарыяланып, сыйлыктар берилет.

Сынакка жиберилген ырлардын коломv стандарттуу (4 саптык) формада жана алты куплеттен ашпаган, уйкаштыгы, коркомдvгv, ыргагы адабий талаптарга топ келген, милициянын ишин, турмушун жана милиционердин кvжvрмон образын чагылдырган, мурда эч жерде жарыяланбаган, эл алдында ырдалбаган, ушул сынакка арналып жаны жазылган чыгарма болушу керек. Эгерде чыгарма ыр тvрvндо жазылган болсо, саптары алты куплет ырдын коломvнон ашпашы шарт. Сынакка жаш курагы боюнча чектоолор жок. Ырдын тексттери 12-шрифт менен терилип, о, v, н, тамгалары кыргызча жазылышы керек. Сынакка жиберилген чыгармалар 2020-жылдын 15-октябрына чейин кабыл алынат да жыйынтыгы 7-ноябрда чыгарылып, женvvчvлорго байгелvv сыйлыктар тапшырылат. Чыгармаларды тандоодо акыйкаттык болушу vчvн 9 адамдан турган калыстар тобу дайындалат. Алардын тортоо Кыргыз Республикасынын Жазуучулар союзунан, бешоо ИИМдин кызматкерлеринен болмокчу. Чыгармаларды томонкv дарек боюнча жиберсениздер болот: Сынакка катышуучу материалдар 2020-жылдын 15-октябрына чейин Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Басма соз кызматынын “Бетме бет” гезитинин электрондук почтасына “betme-bet@inbox.ru” дарегине жонотvлот. (Бишкек шаары, Фрунзе кочосv 469 дареги) тел.: (0312) 266125, 266124 байланышсаныздар болот. ИИМдин Академиясынын курсант, студент угуучулары Академиянын УСТИ жана ММКБ болvмvно же iima2000@mail.ru дарегине жиберсе болот.